Ош эл аралык медицина университетинин Окумуштуулар кеңешинин
№ 3 кезектеги жыйынынын протоколунан

**КӨЧҮРМӨ**

2026-жылдын 24-декабры                                                    Ош шаары

Төрага – Джумаев Р.М.
Катчы – Кочконбаева С.И.
Катышкандар: 15

**КҮН ТАРТИБИ:**

3.2. «Билим берүү программаларын, окутуу процесстерин, практиканы жана медициналык билим берүүнүн маселелерин билим берүү экспертизасынан өткөрүү жөнүндө жобону» бекитүү жөнүндө.(СБС-ДП-7.5.3-1.0-25, версия 1.0).

**УГУЛДУ:**

Окумуштуулар кеңешинин төрагасы м.и.к., доц. Джумаев Р.М. Сапатты башкаруу системасынын алкагында иштелип чыккан «Билим берүү экспертизасы жөнүндө жобо» билим берүү программаларынын сапатын баалоого, окутуу процессинин натыйжалуулугун жогорулатууга, ошондой эле медициналык билим берүүнүн көйгөйлөрүн аныктоого багытталган маанилүү ченемдик документ экендигин белгилеп, жобону бекитүү маселесин кароого сунуш кылды.

**СӨЗГӨ ЧЫКТЫ:**

Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү Муратов Ж.К.,Амирова Т.С, Абдымомунова Б.Т. сөзгө чыгышып, сунушталып жаткан жобо билим берүү программаларынын сапатын комплекстүү баалоого, окутуу жана практика процесстеринин натыйжалуулугун жогорулатууга, ошондой эле медициналык билим берүүдөгү актуалдуу маселелерди аныктоого өбөлгө түзөрүн белгилешти. Мындан тышкары, аталган жобо билим берүү процессин системалуу түрдө өркүндөтүүгө жана сапатты камсыз кылуу механизмдерин күчөтүүгө багытталганын баса белгилешти. Ошондой эле билим берүү экспертизасын үзгүлтүксүз жүргүзүү билим берүүнүн сапатын жогорулатууга жана эл аралык талаптарга шайкеш келтирүүгө шарт түзөрүн белгилешти. Жобону бекитүүнү колдошту.

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1.Ош эл аралык медицина университетинде «Билим берүү программаларын, окутуу процесстерин, практиканы жана медициналык билим берүүнүн маселелерин билим берүү экспертизасынан өткөрүү жөнүндө жобо» (СБС-ДП-7.5.3-1.0-25, версия 1.0) бекитилсин.
2.Жобону окуу процессине киргизүү жана анын аткарылышын камсыз кылуу тиешелүү түзүмдүк бөлүмдөргө жана кафедраларга жүктөлсүн.
3. Жобонун аткарылышын көзөмөлдөө факультеттин деканы Н.М.Ташматовага жүктөлсүн.

Окумуштуулар кеңешинин төрагасы                Джумаев Р.М.

Окумуштуулар кеңешинин катчысы                Кочконбаева С.И.